# Д.Молдогазиев атындагы №8 Шаты жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022-окуу жылында мектептин окуу бөлүм башчысынын анализи.

2021-2022-окуу жылында №8 Д.Молдогазиев атындагы жалпы орто билим берүү мектеп Билим берүү мыйзамына Билим берүү тармагында иштеп жаткан Улуттук программаларга жана мектептин Уставынын негизине ылайык иштеди. Окуутуну жана тарбия берүүнү жакшыртуу планынын милдеттерине жараша кезектеги мониторинг жана мектептин ишмердүүлүгүнүн жыйынтык баасы төмөнкү аспектилерге негизделген :

1. **Окуу планын аткаруу**
2. **Окуучулардын жетишкендиктери(окуучулар ээ болгон көндүмдөр)**
3. **Үйрөтүү, тарбия берүү окутуу**
4. **Мектептеги кызмат жана ички эрежелер**
5. **Ресурстар**
6. **ОТЖПны башкаруу жана ишке ашыруу**

1 Окуу планын аткаруу.

№8 Д.Молдогазиев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде 6 жаштан 18 жашка чейинки улан-кыздар билим алышат, алардын 98,3% кыргыз, 1,7% татар улуттар ынан. Мектеп Түп айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан. Мектеп үч баскыч менен окутулат. Мектепте аз камсыз болгон үй бүлөдөгү окуучулар 25 ал 7,2%:, томолой жетимдер 1 окуучу ал 0,2%, жарым жетимдер 18 окуучу ал 3,17%, көп балалуу үй бүлөдөгү окуучуларджын саны 24 ал 6,9%ды түздү. 2021-2022-окуу жылынын аягында 49 окуучу отличник ,79 окуучу ударник болду. Мектепте кружоктук секцияларга 62% окуучулар, алардын 32% спорттук секцияларга катышат. Азыркы учурда айылдык мектепте актуалдуу болгон баардык ресурстарды (маалыматтык, материалдык) колдонгон баланы маданий жактан өнүктүрүү болуп саналат.

**Кластардын контингенти:**

| **Класстар** | **Бардыгы** | **Кыргыз тилинде** |
|---|---|---|
| **1-4** | 7/124 | 7/124 |
| **5-9** | 9/167 | 9/167 |
| **10-11** | 2/42 | 2/42 |
| **1-11** | 18/333 | 18/333 |

Мектептин жогорку класстары беш күн, башталгыч класстар беш кундук окуу менен окутулат. Мектепте төрт усулдук бирикме иш алып барат .

| № | Усулдук бирикменин аталышы | Жетекчиси | Усулдук бирикмедеги мугалимдердин саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Табигый-математикалык багытындагы усулдук бирикме | Бурабаева Нургул Жумаевна | 8 |
| 2 | Гуманитардык багыттагы усулдук бирикме | Чукумбаева Жийде Жолочиевна | 10 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси | Иманалиева Жайнагүл Олжобаевна | 7 |
| 4 | Эстетикалык багыттагы усулдук бирикме | Ордрбраева Салтанат Жекшембаевна | 4 |

Бардык предметтерден окуу планынын негизинде предметтик мугалимдер тарабынан календардлык-тематикалык пландар пландалды. Башталгыч класстардын мугалимдери кыргыз тили, математика предметинен предметтик компетенттүүлүктүн негизинде сабактарды өтүштү. Окуучулар мектептин базасында билим алууга жана ийримдерге катышууга мүмкүнчүлүгү бар. 2021-2022-окуу жылында Билим берүү мыйзамында,билим берүү тармагында иштеп жаткан Улуттук программаларга жана мектептин уставына ылайык иштер аткарылды. Мектепте базистик окуу планына ылайык окутулду. Бардык предметтер Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен типтүү окуу программаларына ылайык өтүлдү. 2-баскычтагы окуу планында англис тили сабагы көбөйдү. Окуу планын мектептик компонентти окутуунун жогорку баскычында тандоого мүмкүн болуп химия сабагынан 8а, 8б-класстарга мугалим Кыдыралиева Таалайкүл Эсеновнага жана 5–класстарга информатика сабагынан мугалим Бактыбек уулу Эржанга берилген. Тереңдетип окутуу максатында,окуу программасын мугалим Бактыбек уулу Эржан жана Кыдыралиева Таалайкүл Эсеновна иштеп чыгып, мектеп директору тарабынан бекитилген. Программалар предметтик мугалимдер аркылуу берилген сааттарга ылайыкташтырылып, 2021-жылдын август кеңешмесинде бекитилди. 5-9-класстарга предметтик стандарт киргизилип окутулду.

**2. Окуучулардын жетишкендиктери**

2021-2022-окуу жылынын башында мектепте 349 окуучу билим алды. Булардын 181 кыз бала 168 эркек бала 18 класс комплекти бар.
Башталгыч класстарда баардыгы 124/56
5-9-класстардын баардыгы 167/75
10-11-класстарда 42/25
Жыл ичинде 6 окуучу келди 3 кыз бала. Билим сапаты мектеп боюнча 40,25% түзүп былтыркы окуу жылына салыштырганда 0,9%төмөндөгөн. Мисалы, анын ичинде биринчи баскычтар.

1. 1-кл 19/9
2. 2а-кл 15/7 39,6%
3. 2б-кл 16/6 43,4%
4. 3а-кл 16/7 49,6%
5. 3б-кл 21/9 47%
6. 4а-кл 19/10 52,6%
7. 4б-кл 18/8 38,5%

Жалпы алганда 45,11%ды түздү. Ал эми ортонку баскычта болсо,

1. 5а-кл 22/14 40,9%
2. 5б-кл 18/7 49,5%
3. 6-кл 23/13 47,3%
4. 7а-кл 20/14 35,7%
5. 7б-кл 19/10 36,4%
6. 8а-кл 15/10 46,3%
7. 8б-кл 17/10 29%
8. 9а-кл 16/9 31,2%
9. 9б-кл 17/10 29,6%

Жалпысынан алганда 38,3%ды түздү. Ал эми


1. 10-класс 28/16 32,1%
2. 11-класс 14/9 42,6%

Отличниктер 49/39

Ударниктер 79/55 Жалпы 40,25%

## Билим сапат боюнча 5 жылдык мониторинг

## (2017-2022-окуу жылдары үчүн)




**2017-2018-окуу жылындагы билим сапаты -43%**


**2018-2019-окуу жылындагы билим сапаты -40,1%**

**2019-2020-окуу жылындагы билим сапаты -43,6%**

**2020-2021-окуу жылындагы билим сапаты -41,15%**

**2021-2022-окуу жылындагы билим сапаты -40,25%**

| Чейрек | 1-4-класс | 5-9-класс | 10-11-класс | жалпы |
|---|---|---|---|---|
| 1-чейрек | 38,2% | 24,1% | 33,8% | 29,1% |
| 2-чейрек | 41,1% | 31,7% | 32% | 35% |
| 3-чейрек | 44,1% | 36,7% | 37,5% | 39,3% |
| 4-чейрек | 47,2% | 37,7% | 36,85 | 40,25 |
| жылдык | 45,11% | 38,3% | 37,35% | 40,25 |




Жыл ичинде райондук олимпиадалардан да «жакшы» ийгиликтерге жетиштик тарых сабагынан 11-класстын окуучусу Жекшенов Кутман райондук олимпиададан 1-орунга, 10-класстын окуучусу Сабырбекова Бегимай 2-орунга ээ болушту мугалим Нургазиева Гулниза Шаршембаевна, орус тили жана адабияты сабагынан 10-класстын окуучусу Шабданбекова Нурзат 1-орунга ээ болду мугалими Жапаева Бурулуш Кадыровна, география сабагынан 9-класстын окуучусу Жекшенов Темирлан 3-орунга мугалими Аманкулов Каныбек Молдокматович жана кыргыз тили жана адабияты сабагынан 10-класстын окуучусу Омурканова Чолпон 2-орунга ээ болушту мугалими Бейшеева Айдай Базаркуловна.

| № | Окуучунун аты-жөнү | Класс | Предмет | Район | Облус | Мугалимдин аты-жөнү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жекшенов Темирлан | 9 | География | 3 | | Аманкулов К. |
| 2 | Омурканова Чолпон | 10 | Кыргыз тили | 2 | | Бейшеева А. |
| 3 | Шабданбекова Нурзат | 10 | Орус тили | 1 | | Жапаева Б. |
| 4 | Жекшенова К | 11 | Тарых | 1 | | Нургазиева Г |
| 5 | Сабырбекова Бегимай | 10 | Тарых | 2 | | Нургазиева Г |

Жыйынтыгында райондук олимпиададан 5 орунга ээ болдук. Жогоруда аты аталган мугалимдерибиздин аракетинин натыйжасында окуучулары байгелүү орундарга ээ болушту. Жыл жыйынтыгында, окуучулары байгелүү орундарга ээ болгон мугалимдерди мектеп грамота менен сыйлады жана окуучуларга Түп райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы тарабынан грамота менен сыйланышты. Быйылкы окуу жылында 9-классты 33 окуучу анын ичинен 19сы кыз бала ийгиликтүү аяктап негизги билим тууралуу күбөлүк тапшырылды жана бир кызыл күбөлүк.


11-классты 14-окуучу бүтүрдү жана орто билим жөнүндө аттестат алышты. Бүтүрүүчүлөрдүн 35,5% билим алууну жогорку окуу жайларда улантышат, алардын ичинен 23,4%-бюджеттик негизде, 12,1%-контрактык негизде. атайын орто окуу жайларында контрактык негизде 21,5% Ишке орношууда-28,4%

2021-2022-окуу жылында 14 бүтүрүүчүнүн ичинен 12-бүтүрүүчү ЖРТга катышып 85,2%ды түздү жана төмөнкүдөй баллдарды алышты. Алар:


| № | Ф.А.А | Жалпы балл |
|---|---|---|
| 1 | Айтпаева Айдана Белековна | 77 |
| 2 | Амантурова Айжан Азатовна | 116 |
| 3 | Аскалиева Гулзат Тилековна | 89 |
| 4 | Жаңыбаева Айжан Жаңыбаевна | 111 |
| 5 | Жекшенов Кутман Бексултанович | 172 |
| 6 | Иманалиев Бекжан Актилекович | 146 |
| 7 | Касенова Элвина Маратовна | 107 |
| 8 | Султанов Даниэль Төлөнович | 108 |
| 9 | Таалайбекова НагимаТаалайбековна | 111 |
| 10 | Тобокелова Нуржанат Арыстанбековна | 160 |
| 11 | Улдаканов Кушчубек Майрамбекович | 103 |
| 12 | Эльнуров Байэл Эльнурович | 101 |
| | | |

**бүтүрүүчүлөрдүн ЖРТ боюнча 5 жылдык салыштыруу мониторинги**

**(2017-2022-окуу жылдар үчүн)**



**2017-2018-окуу жылында бүтүрүүчү жок-0%**
**2018-2019-окуу жылында 11-классты 18 окуучу аяктаган-43%**
**2019-2020-окуу жылында 11-классты 20 окуучу аяктаган-68,70%**
**2020-2021-окуу жылында 11-классты  17 окуучу аяктаган-44,0%**
**2021-2022-окуу жылында 11-классты  14 окуучу аяктаган-50,0%**




| Класстар | жакшы | Эн жакшы |
|---|---|---|
| 1-4-класс | 24,4 | 22,1 |
| 5-9-класс | 26,56 | 11,7 |
| 10-11-класс | 56,9 | 17,8 |
| 1-11-класс | 35,82 | 17,2 |

Жалпысынан 40,25 %ды түздү. мектеп боюча эн мыкты окууган окуучулар 49/39 болуп 17,2%ды түздү ал эми «4» жана «5»ке окууган окуучулар 79/55 болуп 35,82%ды түздү, окуучулардын сабакка катышуусу 97,8%ды түздү.  Окуу жылында  эн жогорку сапаттуу билимди башталгыч класстардан 4а-класс мугалими Абдыкалыкова Гүлзат Арзыматовна класстын билим сапаты 52,6%ды түздү. Ортонку баскычта 5б-класс класс жетекчиси Бейшеева Айдай Базаркуловна  класстын билим сапаты 49,5%ды түздү класста эн жакшы, жакшы окуугандардын саны 9/4 болуп  жыл ичинде билим сапаты боюнча өсүү болду. Жогорку баскычтан 11-класстын жетекчиси Нургазиева Гулниза Шаршенбаевна  ,бул класста жыл ичинде билим сапаты акырындык менен өсүүнү көрсөттү, анын натыйжасы окуучулардын ЖРТга талыкпай даярдануусунун акыбети деп эсептейм

**3. Үйрөтүү, тарбия берүү окутуу.**

Бул жыл ичинде жалпы мугалимдердин саны 30 алардын ичинен билими боюнча

1. Жогорку билимдүү-22
2. Атайы орто-8
3. Бүтпөгөн жогорку-1
4. Пенсионерлер-5,
5. Эл агартуунун отличниги-4

Мектеп мугалимдери сабактарда интерактивдүү режимде иштеди. Мектеп боюнча 4 усулдук бирикме иш алып барат.

| № | Усулдук бирикменин аталышы | Жетекчиси |
|---|---|---|
| 1 | Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси | Омүрзакова А. |
| 2 | Гуманитардык багыттагы усулдук бирикме | Чукумбаева Ж |
| 3 | Табигый математикалык усулдук бирикме | Бурабаева Н. |
| 4 | Эстетикалык багытындагы усулдук бирикме | Ураимов Р. |

Башталгыч билим берүү мектебинде баардыгы 7 мугалим эмгектенет. Алардын ичинен 3 мугалим жогорку билимдүү жана 3 мугалим атайын орто билимдүү. Жыл башында мамлекеттик стандартка ылайык баардык мугалимдер календарлык - тематикалык пландарын иштеп чыгып бекиттиришип ошол пландын негизинде жыл бою иш жүргүзүштү. Метод бирикме жетекчиси Иманалиева Жайнагүл метод бирикменин бир жылдык планын түзүп, метод бирикмедеги мугалимдер менен бирдикте иш жүргүзүштү. Жыл башында календардык- тематикалык план түзүлүп жөндөмдүү окуучулар жана жардамга муктаж окуучулар менен иштөө пландары түзүлүп бул менен 2-3 күндөрү окуучулар менен иштешти. .Андан сырткары бул окуу жылында “Керемет окуу” окуусун окудук.Бул окуу USAID уюму тарабынан окутулуп,мага көп жакшы жаңылыктарды ошондой эле жаңы стратегияларды үйрөндүм.Алар “Түшүндүрүү жана негиздөө”, “Сандар жана сандарды түшүнүү”, “Сандарды таануу жана салыштыруу”,”Сан шооласы”, “Координаталык шоола”,”Сандарды куроо жана ажыратуу” жана башкалар. Ар бир сабакка стратегияларды колдонуп өттүк.Февраль айында башталгыч класстардын декадасы 1-февралдан баштап 28-февралда аяктады. Март айынан баштап Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги USAID дин «Керемет окуу» долбоорунун негизинде « Математика боюнча 1-5-модулдар” Башталгыч класстын 7 мугалими май айына чейин окудук жана ар бир модулдан кийин арадагы тестерди тапшырып турдук. Ар бир модулду окугандан кийин мугалимдер стратегияларды сабактарына колдонуп турушту. Бул модулдагы стратегияларды ар бир сабакта колдонуу менен балдардын жакшы ой жүгүртүп өз алдынча чыгармачыл иштөөгө жана топто өз оюн туура жазууга көнүгүшү жана ар бир стратегияны колдонуп иштей алышты. Көркөм жомок китептерди ата-энелери менен бирге окуп китепче жасап жана аны жактап бере алышты. Класстан тышкаркы окуу сабагында USAID дин китептери менен окудук. Мектептеги 2-4-класстар математика сабагынан «Сан шооласы « Сандарды куроо жана ажыратуу « стратегияларын коп колдонушту. Окуган чыгармага окуучу кыскача пикир авторго , пирамида окуясын жана жалпылоо жазганга үйрөнүштү. Керемет окуу боюнча жыйынтыктоочу тестерди тапшырдык. Бүткүл дүйнөлүк китеп окуу күнүнө карата мектепте чоң иш чара өтүлдү. Китеп күнүнө карата «Окуу куржуну» уюштурулуп ар бир класс эстафета кылып өткөрүштү. Бул иш чара жогорку денгээде өтүлдү

Январь айында мектеп фронталдык теккшерүүдөн өттүк.Фронталдык текшерүүгө жыл башынан баштап даярдандык.Абдыкалыкова Гүлзат эжей 4а-классменен кыргыз тилден ачык көргөзмөлүү сабак өттү сабакта эң жакшы деп бааланды.Иманалиева Жайнагүл

эжей математика сабагынан ачык көргөзмөлүү сабак оттү.Сабактарга методист катышты.Сабактарга анализ берилип “эң жакшы” деп белгиленди. Февраль айында башталгыч класстардын декадасы 1-февралдан баштап 28-февралда аяктады Декаданын башталышы математика сабагынан башталды. План түзүлүп бекитилип иштер өткөрүлдү.1-февралда линейка болуп ,окуучуларга башталгыч класстардын айлыгы жарыяланып,айлыктын иш планы менен окуучуларга тааныштырылды.1-28- февралга чейин бардык сабактардан дубал газеталар чыгарылып жана сүрөт сабагынан сүрөт көргозмөсү уюшулсун деп тааныштырылды. 8-февралда Жакыпова Алиянура математикадан «Тик бурчтук» деген темада ачык сабак өттү.2-а-класста өтүлгөн ачык сабакка томондогу мугалимдер катышышты Кыдыралиева Талайкул, Турсунбаев Сабырбек,Жанузакова Назира эжейлер катышты Мугалим сабакты саякат турундо отту. Тапшырмаларды туура,так аткарсанар чолдон тоого жетесинер деп баштады Тапшырма аткаргае сайын тоонун суротун чаптап.тоогожакындай берди.Окуучулар кызыгуу менен катышышты .Топтордо атаандашып,эсептерди тез чыгарышты.Даскада корсотмо куралдар илинген.1-2 топ эрте жетти,ал эми 3-4-топ кармалып калды деп сабакты жыйынтыктады.9-февралда 3-а-класста Омурзакова Айгул эжей математика сабагынан «Мисал маселе иштоо деген темада ачык сабак отту.Сабактын максаттары жеткиликтуу так коюлган озгочо учунчу максаты топто иштоо кондумдорун жана башка окуучулардын айтып беруу чеберчилигин уйротот деп коюлган.Ар бир топто ак барактар берилген,аларга тапшырмалар жазылган.Ал тапшырманы туура аткарганганына «кулумсурогон киши» берилип жатты.Окуучулардын кызыгуусу артып,андан ары иштоосуно шык жаратты.

4 $^{а}$- класста Абдыкалыкова Гүлзат эжей математикадан №642-649 мисал маселе иштоо деген темада таймаш сабак отту.Окуучулар торт топко болунду.Баалоо критерийлери менен тааныштырды.

«5» ар бир сабакка активдуу катышса,берилген тапшыпмалардын суроолоруна баарына туура жооп берсе «алтын эрежени»сактаса.Эгер тапшырма берилсе,Туура,так тез аткара алса.

«4» сабакка активдуу катышса,тапшырмалdescribed аткарууда жоопторунда бир азката.эки же уч ката кетирсе

«3» сабакка катышууда тапшыпмаларды аткарууда учтон коп ката кетирсе,оз оюн толук билдире албаса.

Топторду этап менен баалады. Сабак кызыктуу өтүлдү. Максатына жетти. 10-февралда Иманалиева Жайна эжей математика сабагынан «Мисал маселе иштоо» деген темада ачык сабак отту.Сабактын темасы,максаты айтылды,жагымдуу маанай тузулду,алтын эреже кабыл алышты.»Сыйкырдуу сандыктан» тапшырмаларды алып аткарып турушту.Ар бир топто бирден лидер шайланып топту баалап турду. Мугалим сабакты оюн турундо отту.Тапшырмаларды туура аткарсанар тулку коенду кууп жетет.эгер жетпей калсанар кууп жетпей калат коендон ачкыч ала албай калат деп тушундурду.Жанузокова Назира эжей,Исакова Нурсия эжей дагы коргозмолуу ачык сабак отту. 11-февралда 4$^{а}$-класста класс жетекчиси Абдыкалыкова Гүлзат эжей кыргыз тилинен “Этиш” деген темада ачык сабак өттү.Класс төрт топко бөлүнгөн жагымдуу маанай түзүлүп,үй тапшырмасы текшерилди. Сабак оюн түрүндө өттү.Окуучулар топто кызыгуу менен иштешти. Берилген тапшырмаларды топтор менен атаандашып абдан тез жазылыш доскага аткарып жатышты.14-февралда Искакова Нурсия эжей кыргыз тилден “Этиштин чактары” деген темада ачык сабак өттү.Баалоодо “гүл себетин” толтуруу менен баалады.Өмүрзакова Айгул эжей кыргыз тилден “Ат атооч сөз түркүмү”деген темада ,Жакыпова Алия эжей “Көнүгүү иштөө” деген темада,Иманалиева Жайнагул эжей “Ат атоочтун жекелик түрү” деген темада ачык көргозмөлүү сабактарын отүштү.

Адабий окуу сабагынан Жанузакова Назира эжей “Керемет учур” деген темада Абдыкалыкова Гүлзат эжей “Эр Төштүк” деген темада.” 3- класска Иманалиева Жайнагул эжей “Күнменен булуттун кармашы” деген темада Өмүрзакова Айгул эжей “8-март аялдардын Эл аралык майрамы “ деген темада ачык коргозмолуу сабактарды өтүштү.28-февралда көркөм өнөр сабагынан көргөзмө уюштурулуп сүрөт конкурсу болуп оттү.ар бир класс өзүнүн классына сүрөт галлерасын уюштурулуп,сынактын жыйынтыктары чыгарылды. Жана ата-энелер тарабынан кичине белектер берилди.

«Баарынан ким күчтүү», Исакова Нурсия «Байчечекей», «Ууру үкү», Турсунбаев Сабыр «Көктөм ыры» деген темада ачык сабактар өтүштү. Адабий окуу сабагына гана байкоо жүргүзүштү, өз ара сабакка катышуунун жаңы формасы менен сабак баааланып турду. 1-класс үчүн өзүнчө тиркеме жана 2-4-класстар үчүн өзүнчө тиркеме менен бааланып турду. Сентябрь айынын декабрь айына чейин өтүлдү. Ар бир Мугалим ачык сабактарды жана тарбиялык сабактарды ата –энелери менен бирге чогуу өтүштү. Бул колдонмо аркылуу сабака анализ берүү эң жакшы жыйынтык берип турду. Анткени сабака анализ берүүнүн негизги максаты мугалимге усулдук колдоо көрсөтүү мына ошонун үстүндө иштөө март айына чейин жүргүзүлдү. Декадада математика, адабий окуу, кыргыз тили, мекен таануу жана сүрөт сабактары боюнча өтүлдү. Ачык сабактар, көркөм окуу кечелери, жомок китептерди жасоого ата-энелери менен бирге катышышты. Эң жакшы жасалган китептерди сынак менен тандап , ар бир мугалим көргөзмөлүү ачык сабактарды өтүштү. Ар бир мугалимдин сабактарына анализ берилип турду. Окуучулардын шар окуусу, кол жазмасы, тушунуп айтып берүүсү метод бирикме жетекчиси жана класс жетекчиси менен бирге текшерилди. Жыйынтык чыгарылып турду. Ар бир предмет боюнча декаданын жыйынтыгын предметтерден сурм675 мативдик тестерди алып жыйынтык чыгардык. 2$^{а}$-класс математикадан 34,8%, адабий окуудан 40,6% берди. 2$^{б}$-класс математикадан 38,5%, адабий окуудан 38,5% берди. 3$^{а}$-класс математикадан 40% , адабий окуудан 40,1% берди. 3$^{б}$-класс математикадан 38,5%, адабий окуудан 40% берди. 4-класстар математикадан 38,7%, адабий окуудан 38,7% берди. Метод бирикме жетекчиси Иманалиева Жайнагул эжей өз убагында маалыматтарды берип турду. Мектеп жетекчилиги башталгыч класстардын декадасын эң жакшы деп белгиледи. «Мерсико позитив» долбоору тарабынан берилген аудио жомокторду ар бир класс жетекчи адабий окуу сабагына колдонуп турду. Бул долбоор менен балдар менен позитивдүү маанайда иштөөнү үйрөндүк жана усулдук бирикмедеги мугалимдер да жыл бою иш жүргүзүштү. Башталгыч класстардын мугалимдери да бири-биринин сабагына катышып « Мерсико позитив» долбоору сунуш кылган сабака анализ берүү бланкасын ар бир сабака катышып бири бирине анализ беришти. Бул долбоордогу эң пайдалуу кеп-кеңештерди сунуштарды окууга барган Өмүрзакова Айгүль эжей берип турду. Мисалга алсак гендердик теңсиздик класста сакталабы, кыз бала, эркек бала, экөөнө тең мамиле жасалабы, мугалим позитивдүү шыктандыра алабы, кайтарым байланыштын түрлөрү сыяктуу кеңештерди берүү жөнүндө сабактарды өтүп турду.

Январь айында куроторубуз Салтанат Жапарова келип математика сабагынан Турсунбаев Сабыр агай жана Жакыпова Алиянура эжей жана Жанузакова Назира эжей Түшүндүрүү жана негиздөө, Сан шооласы , Сандык катар стратегияларын колдонуп колдонуп эң кызыктуу сабактарды өтүштү.Сабактар эң жакшы деп бааланды .Ушул окуу боюнча май айында кураторубуз Жапарова Салтанаттын катышуусунда « окуу керемет » долбоору боюнча “Кошуу жана кемитуу” стратегияларын колдонуп Омүрзакова Айгул эжей “Туюнтмадагы амалдардын тартиби” деген темада жана Исакова Нурсия “Мисал маселе иштоо” деген темада ачык көргөзмөлүү сабактарды мугалимдер даярдашты долбоордун тренери Жапарова Салтанат сабактарга катышып “ эң жакшы “ деген баа берди. Ар бир

мугалим ачык сабактарын өтүштү. «Керемет окуу» долбоору боюнча баары эң жакшы иштерди иштешти. Тренерлер башталгыч класстардын мугалимдерине ыраазычылык билдиришти.

Апрель айында ачык тарбиялык саатарды ар бир мугалим өттү.Өмүрзакова Айгул э ж е й

"Туура тамактануу" ,Иманалиева Жайнагүл эжей " Жолдо жүрсөң- сак бол!" деген темада Абдыкалыкова Гүлзат эжей "Китеп менин досум" деген темада ,Исакова Нурсия эжей "Жалган сүйлөө жаман адат" деген темада Жанузакова Назира эжей "Тазалык ден соолуктун булагы" деген темада ачык көрсөтмөлүү сабактарды кызыктуу кылып өтүштү.Башталгыч класстарынын декадасы эн жакшы деңгээлде өткөндүгуно байланыштуу админстрациясы тарабынан мактоолор айтылды.

Гуманитардык усулдук бирикмеде кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, англис тили, тарых предметтери камтылган. Бирикмеде 9 мугалим эмгектенет.

Окутуунун сапатын жакшыртуу максатында жаңы окуу жылында төмөнкү милдеттер кабыл алынды:

1. Көнүмдөрдү өнүктүрүү боюнча окуу жана окуудан тышкары иштерди уюштуруу;
2. Жаңы усулдардук ыкмаларды колдонуу;
3. Баалоонун ар түрдүү усулдарын пайдалануу;
4. Окутууга коюлган милдеттерге талап коюп жыйынтык чыгаруу;
5. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып барууда инновациялык усулдарды колдонуу;

Окуу жылынын башында кыргыз тили жумалыгы эң жакшы өткөрүлүп, иш чараларды кыргыз тилчи мугалимдер өз пландары менен ар кандай темадагы КВНдерди, кечелерди, ачык сабактарды, диспут-викториналарды, тегерек столдорду откөрүшүп, отчётту районго өз убагында жиберип турушту. Ошондой эле кыргыз тилинин үч айлыгы өтүп, ай сайын отчёт беришти. Иштери "жакшы" деп бааланды. Мындан тышкары жогорку класстын окуучулары үчүн билим деңгээлин текшерип жылда өтүлүүчү мектептик, райондук, областтык олимпиадаларга даярдык көрүшөт. Мектепте болгон мини олимпиадада жеңген окуучулар райондук олимпиадага жолдомо алышат. Мектеп боюнча быйылкы окуу жылында гуманитардык багыттагы усулдук бирикмеден даярдаган бир нече окуучу барган жана ошолордун ичинен окуучу байгелүү орундарга 4 окуучу ээ болду, анын ичинен Шабданбекова Нурзат 1-орун, орус тили предмети, мугалими Жапаева Б.К, Жекшенов Кутман 1-орун, Сабырбекова Бегимай 2-орун, тарых предмети, мугалими Нургазиева Г. Ш, Өмүрканова Чолпон 1-орун, кыргыз тили предмети, мугалими Бейшеева А.Б

Чукумбаева Жийде Ж кыргыз тили декадасында 6-класс менен Элдик оозеки чыгармачылык казынасынан "Иттин доолдай тиктирем" деген темада ачык сабак өттү. 8-октябрь күнү 7а-7б-класстар арасында "Өнөр алды-кызыл тил" темасында КВН өтүлдү. Кыргыз тилин өнүктүрүү, жайылтуу максатында "Kyrgyz media" тарабынан уюштурулган: Кыргыз тил үйрөтүү үчүн сабак даярдап 100 000 (жүз миң сом) утуп алыңыз аттуу конкурска 13-сериялуу 15 мүнөттүк видео сабактар жасалып, атайын сайтка жүктөлгөн. 11-класстар менен биргеликте Ч. Айтматовдун чыгармаларынын негизинде тартылган видео тасма райондук конкурска ийгиликтүү катышты. Youtube тиркемесине жүктөлүп 2000 (эки миң)ден ашык көрүүчү топтогон.

Олимпиада боюнча 11-класстын окуучусу Тобокелова Нуржанат тилекке каршы райондук олимпиададан 4-орунга ээ болуп, грамота алды. Жыл башында бекитилген программа

боюнча бардык сабактар өтүлдү. Өзгөчө бүтүрүүчүлөрдү ЖРТга даярдоо боюнча сабактарга көңүл бурулуп жума сайын грамматика, аналогия, окуп түшүнүү боюнча тесттер алынып, мониторингдер чыгарылып отчёт берилип турду. ЖРТга даярдоо папкасы администрация тарабынан жогору бааланды.

Бейшеева Айдай Б. Бир жылдык пландын негизинде төмөндөгүдөй иш чараларды өттү. Мамлекеттик тил күнүнө карата 5-б класска “Эне тилим-эне сүтүм” атту ачык тарбиялык саат өтүлдү. Сабак максатына жетип, “орто” деген баа берилди. 10 күндүк декадада 5-б класс менен “Сүрөттөө объектилеринин түрлөрү” деген темада ачык сабак өттү. Олимпиада боюнча Өмүрканова Чолпон райондон 1-орунга ээ болуп, областтык олимпаидага жолдомо алды.Областтан ыраазычылык катка ээ болду. Фронталдык текшерүүдөн документтери “жакшы” деп бааланды.

Мугалим Даниярова Ж С. Карачевдин “Эрксиз күндөрдө” аттуу чыгарма боюнча ачык сабак өттү. 9-класска тема абдан кызыктуу болгондуктан, чыгарма аягы диспутка айланды. Сабак максатына толук түрдө жетип, ждакшы деп бааланды. 10 күндүк декадада 6-октябрь күнү “Эне тилим эчен кылым каарыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан” деген темада тарбиялык сааты 8-б класс менен өттү. Ошондой эле көркөм окуу боюнча сынак болуп буга 5-11-класска чейин окуучулар катышып, 9-б класстын окуучусу Кожокматова А “эң мыкты” деп табылды.

Орус тили, кыргыз тили, англис тили жана тарых сабактары менен биргеликте “Акыл Ордо” интеллектуалдык оюну болду. Буга 8-9-10-класстын окуучулары катышып категорияларды предмет боюнча тандап суроолорго убакты менен жооп берип жатышты. Сабак абдан кызыктуу болду. Максатына жетти. 10-класстын окуучусу Сабырбекова Бегимай жеңүүчү табылды.

Орус тили жумалыгында биринчилерден болуп А.С. Пушкиндин “Узник” деген чыгармасы боюнча Жапаева Бурулуш Кадыровна ачык сабак өттү. 8-а класс Пушкиндин өмүрү чыгармачылыгы ырларды айтып жатышты. 8-а-8-б класстар арасында “Слабое звено” атту интеллектуалдык оюну өткөрүлүп, жеңүүчүсү Абдыласова Айназик табылды. “В мире интересных слов” деген темада дубал газеталар конкурсу өткөрүлдү. Олимпиада боюнча 10-класстын окуучусу Шабданбекова Нурзат райондон 1-орунга ээ болкуп, областка жолдомо алды.

Орус тили жумалыгын улай Карабаева Аида Дөөткеевна 7-б класс менен орус адабияты сабагынан “Царевна лягушка” аттуу ачык сабак өткөн.

7-а класска орус тили боюнча “Глагол”, 11-класска “СПП и виды СПП” боюнча ачык сабактарды өткөрүлгөн. Ошондой эле 9-а класска дагы А. С. Пушкиндин “Евгений Онегин”и боюнча ачык сабак өткөн.

Олимпиадага даярдоо папкасы бар, окуучусу Иманалиев Бекжан, тилекке каршы орунга ээ болгон эмес. Жана бүтүрүүчү класска тиешелүү “ЖРТга даярдоо папкасы” иштелип чыккан, план максат, милдеттери коюлган. Март айында Чолпон- Ата шаарына үч күндүк окуудан өткөн.

Догдурбекова Аяна  5-а класска “Суффиксы и приставки, провописание имён существительных” деген темала презентация -сабак өттү. Окуучулар топтордо иштешти.9-б классынын окуучусу Зарылбекова Аделя менен олимпиадага даярдануу боюнча иш алып барат, иш планы түзүлгөн.

Нургазиева Гулниза тарых предмети боюнча бир жылда төмөндөгүдөй иштерди алып барды. Октябрь айында 5-б класска ачык сабак өткөн. 10-класска “Уруу союздары, сактар, усундар” деген темада ачык сабак өткөн. Сабак интерактивдүү методдорду колдонуу менен өтүлгөн.

Сабакка райондук билим берүү бөлүмүнөн Дөөлөт агай катышты. Тарых жумалыгында 5-а- 5-б- класстар арасында өтүлгөн темалар боюнча конкурс сабак өтүлдү. Сабак максатына жетти. 5-7-класстар арасында "Акыл Ордо" интеллектуалдык таймаш өткөрүлүп, жыйынтыгында 6-класстын окуучусу Исмаилова Гулжамал жеңүүчү аталды. 5-11-класстар арасында "Мен тарыхтын жаратуучусумун" деген темада стенд газеталардын конкурсу уюштурулуп жыйынтыгында 9-б класстын окуучулары жеңишке жетишти. Фронталдык текшерүүдө тесттер алынды, жакшы жыйынтыктарга ээ болдук. Олимпиадага даярдоо боюнча папкада бардык бөлүмдөр окуу планына жараша түзүлгөн. Олимпиадага 9б-класстан Шабданбекова Анжелика, 10-класстан Сабырбекова Бегимай 2- орун, 11-класстын окуучусу Жекшенов Кутман 1-орундарды багындырышып областтык олимпиадага жолдомо алышты. Жекшенов Кутман областтан 5-орунга ээ болуп калды. ЖРТга даярдоо папкасы да түзүлүп, пландар иштелип чыккан. Тарых предметин тандачу окуучулар менен биргеликте пландын негизинде иш алып барып, тесттерди алып, мониторинг түзүп турдук.

Англис тили мугалими Искакова Аида Эдиковна англис тили декадасында 6-класска "Comparative of adjectives", сабак жомок, "Soul human" жана "Акыл Ордо" сабактары өтүлдү. Райондук олимпиадага 9-класстын окуучусу Иманалиева Н, 10-класстын окуучусу Жумакасова, 11-класстын окуучусу Султанов Д аттуу окуучулар даярдалы бирок орунга ээ болушкан жок. Англис тили предметин тандаган окуучулар менен ЖРТга даярдады. Билимин жогорулатуу максатында Каракол шаарында №1 гимназия мектебинде тажрыйбалуу мугалимдерден сабак өттү.

Молдосанов Акжол "How many How much" темада 26-октябрда 5-класска сабак өттү. Сабакта окуучулар активдүүлүгүн көрсөтүштү.

Табигый математикалык усулдук бирикмеде быйылкы окуу жылында биздин усулдук бирикмедеги мугалимдер биргелешип иш алып бардык.Бирикмеде баардыгы 7 мугалим эмгектенет.Алар Джанадилов Баттал,Кыдыралиева Таалайкүл,Шерботоева Бурулкан,Бурабаева Нургүл,Аманкулов Каныбек ,Сталбек к Кымбат,Бактыбек у Эржан.Бирикмедеги мугалимдердин баардыгы жогорку билимдүү. Жыл башында ар бир мугалим бир жылдык иштей турган иштерин пландаштырып , түзүлгөн план боюнча иш алып барышты. Иштелген иштеринин жыйынтыгын 10 күндүк декадада ачык көрсөтүштү. 2021-жылдын 1-декабрынан 10-декабрына чейин математика сабагы боюнча ,2021-жылдын 11-декабрынан 21-декабрга чейин физика сабагынан, 21-декабрдан 30-декабрга чейин информатика сабактарынын декадалары болуп өтү.

Физика сабагынын мугалими Бурабаева Нургүл 2021-2022окуу жылынын башында сентябрь айында физика сабагынан 18 саат берилген, окутуу планы бекитилген, ошондой эле календардык тематикалык план,кружок,жөндөмдүү окуган ,мугалимдердин жардамына муктаж,ЖРТга даярдоо, олимпиадага даярдоо планы директор тарабынан кол коюлуп бекитилди.2021-жылдын декабрь айында физика сабагы боюнча он күндүк болуп өттү.Түзүлгөн план боюнча иштер аткарылды, линейкада жарыяланган.ШОК деген сабак өтүлдү.Бул таймашта 11-класс биринчи орунду ээледи.7а, 7б-класс менен КВН өтүлдү. КВНде окуучулар көп тапшырма аткарылды 7б-класс биринчи орунду ээлешти.8а-класс менен отун,отундун күйүү жылуулугу деген темада ачык сабак өттү.Сабакты интерактивдүү доска менен отүү.Сабак абдан кызыктуу болду.Сабак максатына жетти.Бул окуу жылында 3окуучуну райондук олимпиадага даярдады.

Алар 9-класстын окуучусу Аскалиева Нурзат,

10-класстан Талантбекова Адинай,

11-класстан Бакашева Бурул.

Райондук олимпиада 2022-жылдын яныарь айында өтүү.Олимпиадан орул албай калды.Январь айында фронталдык текшерүүдөн өтүү 8а-класс менен интеративдүү доска менен "Клондун закону"деген темада ачык сабакты өтүү .Сабакка райондун методисти Гүлжан эже катышты.Интерактивдүү ыкмаларды колдонуп өтүү.Алар 6шляпа,жаа атуу ыкмалары.Сабак өз максатына жети. 5аө5бөкласстар арасында 2022-жылдын 5-апрелинде "Ак калпак"деген темада ачык тарбиялык саат өтүү. Саат КВН түрүндө болду бул КВНде окуучулар кыргыз улутунун ак калпагын даназалап ырларды , акыйнектерди,жаңылмачтарды

айтышты кыргыз бийлерин бийлешти.КВНде 5б-класстын окуучулары жеңишке жетишти.12-апрель космонавтика күнүнө карата астраномия сабагынан ачык сабак өтү.Бул сабакты дагы интерактивный доска аркылуу өтүү.Балдар косманавтар жөнүндө маалымат алышты.Кыргыз Республикасынын алгачкы косманавты С.Шарипов жөнүндө дагы айтылды.Ошондой эле алгачкы космоско учкан жаныбарлар жана алгачкы спутниктер жөнүндө маалымат алышты.Сабак абдан кызыктуу болду жана максатына жетти.5а-класс менен “Космоско саякат” деген темада ачык тарбия саат өтүү.Класстын жасалгалоосун абдан кызыктуу кылып жасады.Шаарларды үйлөп планеталар сыяктуу кылып жылдыздарды күндү болсо греляндия менен жасап паталоко илип койду.Окуучуларга ар бир планетаны кароны кылды.Ошондой эле меторит ,ай , жылдыз, күн,булутунда кароналарын кийишип ар бир окуучу ушулар жөнүндө айтып беришти.Балдар космос жөнүндө абдан көп кызыктуу маалыматарды алышты.Күн системасы кайсы планеталардан кийн кайсы планетага турарын билишти сабак максатына жети.2021-2022 окуу жылында ушундай жетишкендиктерге ээ болду.Жана айыл өкмөтүнүн “АРДАК ГРАМОТАСЫН” алды.

География мугалими Аманкулов Каныбек 2021-2022-окуу жылынын башында сентябрь айында география сабагынан 18саат бөлүнүп берилген . Ошондой эле “Горизонт”кружогу , “Ак кайың” клубу  бөлүнүп берилген.Жөндөмдүү , жетишпеген окуучулар менен иштөөнүн пландарын мектеп директору Джанадилов Батталбек Бекбосунович тарабынан бекитилген.Андан сырткары өзүбүздүн усулдук бирикменин жетекчиси Бурулкан эжей менен усулдук бирикменин бир жылдык иш планын түзүп ошол пландын негизинде иш алып бардык. Ушул эле жылдын декабрь айында план боюнча он күндүк декада коюлган.Пландын негизинде 16-декабрда 8а-8б-класстар арасында “Көлдөр жана суу сактагычтар “ деген темада ачык сабак өтүлдү.Ошол эле жылдын февраль айында фронталдык текшерүүдөн жакшы өтүк.Өзүбүздүн 2021-2022-окуу жылында коюлган пландардан сырткары өзүбүздүн окууда болгон максаттарды коюп ,ошол максаттарга жетүүгө аракет кылдык.Негизи максаттарыбыздын бири жөндөмдүү,жетишпген окуучулар менен иштөө.Окуучулардын билим сапаты көтөрүү,ар кандай класстарн сырткаркы иш чараларды өткөрүү ошондой эле окуучуларды олимпиадагаг даярдоо жана орун алуу,ушул сыяктуу максаттарды койгон.Жыйынтыгы жакшы болду деп эсептейм.

Олимпиадага 3окуучу даярдадым алар:   9б-класста Жекшенов Темирлан ,

10-класс Рыскулова Салима

11-класстан Тобокелова Нуржанат

Жыйынтыгында ушул окуучулар мектеп арасындагы өткөрүлгөн олимпиададан райондук олимпиадага жолдомо алышып 13-14-январда райондук олимпиадага барып , анын жыйынтыгында 11-класстан Жаңыбаева Айжан 6-орун,

10-класстан Рыскулова Салима-5-орун

9б-класстан Жекшенов Темирлан 3-орунга ээ болушту.

Информатика мугалими Бактыбек у Эржан 2021-2022-окуу жылынын башында сентябрь айында информатика сабагынан 13 саат, ал эми математика сабагынан 8 саат берилген. Окутуу планы бекитилген ошондой эле календардык - тематикалы  план , кружок, жөндөмдүү окууган, мугалимдин жардамына муктаж , олимпиадага даярдоо планы директор тарабынан кол коюлуп бекитилди.

2021-жылдын декабрь айында О.И.В.Т жана математика сабактары боюнча он күндүк болуп өттү. Түзүлгөн план боюнча иштер аткарылды, линейкада жарыяланды. 5-а класска математика сабагынан 2-декабрь күну “Терс сандар” деген темада ачык сабак өтүлдү.

7а-7б-класстар арасында сабактан тышкаркы “Ким көп билет” деген сабак өтүлдү.О.И.В.Т сабагы боюнча бул таймашта 7а-класс жеңишке жетишишти. Жана ошондой эле 5б-класска “Киргизүүчү түзүлүштөр” деген темада ачык сабак өтүлдү. Өтүлгөн ачык сабактарга мектеп администрациясы жана мугалимдер катышышты.

Бул окуу жылында 3 окуучуну райондук олимпиадага даярдап.Алар

9-класстын окуучусу Элнуров Баястан,

10-класстын окуучусу Шонкоева Алия,

11-класстан Касенова Элвинаны даярдады.

Олимпиададан былтыркыга салыштырмалуу быйыл орун ала албай калдык.Себеби О.И.В.Т сабагы боюнча районго место берилген жок.Январь айында фронталдык текшерүүдөн өттүк.8а-класс менен интерактивный доска менен "Маалыматтык сабакттуулук" деген темада ачык сабак өтүлдү. Сабак абадан жакшы болуп өз максатына жетти деп ойлойм.

Химия сабагынын мугалими Сталбек к Кымбат 2021-2022-окуу жылынын башында сентябрь айында химия сабагынан 12саат химиядан , 1 саат химия сабагы боюнча мектеп компоненти берилген. Ошону менен 13 саатык окутуу программасы бекитилген. Окуу жылынын башында баардык түзүлгөн пландар мектеп директору тарабынан бекитилген. Ошого улай эле олимпиадага даяроо , жалпы республикалык тестирлөөгө пландары дагы бекитилген. 2021-

Өтүлгөн 10 күндүк декадада 8-9 класстарга

Бул окуу жылында 3 окуучу олимпиадага даярдадым

9-класстын окуучу Жакыпалиева Айтунук, 10-класстын окуучу Касенова Айзирек. 11-класстын окуучусу Абдыбекова Эльзада . Жогоруда аталган окуучулар райондук олипиадага катышышты , бирок орун ээ болушкан жок.

Математика мугалими Шерботоева Бурулкан 2021-2022-окуу жылынын башында сентябрь айында математика сабагынан 24 саат жүктөм берилген.8а, 8б,9а,9б, 10,11-класстарга алгебра ,геометрия сабактарынан бердим.Окуу жылынын башында иштеле турган иштердин планы түзүлүп бекитилген. Жыл боюу жөндөмдүү ,жардамга муктаж окуучулар менен өзүнчө иш алып бардым. Ар бир баланын математика сабагына болгон шыгына, кызыгуусуна жараша мамиле кылып математика сабагына кызыктырууга аракет кылуунун үстүндө иштедим. Жөндөмдүү балдар менен өзүнчө иш жүргүзүп сабак учурунда жогорку татаалдыктагы кошумча тапшырмаларды берип алардын аткарылышана көз салып турдум. "Жаш математик" кружогун жетектеп келдим. Кружокко 8-11 класстардан 16 окуучу катышып көп иштерди аткардык . "Геометриянын келип чыгышы" деген темада кечени жогорку деңгээлде өттүк. Жыл башынан 11 кластын окуучуларын ЖРТга даярдоону жүргүздүм. Учурунда тапшырмаларды берип окуучуларга алган билиминин жыйынтыгын чыгарып тесттериди алып турдум. 2021-жылдын 1-декабрынан 10-декабрына чейин математикалык 10күндүк декада болуп өттү. Декадада математика сабагынан "Эң таза жазылган дептерлер", "Таза колдонулган китептер", "Эң жакшы чыгарылган дубал газета," -деген сынактарды жарыяладык .Сынактан эң жакшы катышкампн окуучуларга , класстарга мактоо баракчалары берилди . 10-класска "Туунду жана анын колдонулушу", 8а-класска "Сан барабарсыздыктары" деген темада окуучулардын математика сабагынан билим деңгээлин текшерүүчү тесттер алынып окуучуларыдын билим сапаты аныкталды. 10-класстар менен 8-март аялдардын майрамына карата "Энелерге таазим," –деген темада ачык тарбиялык сааты жогорку деңгээлди өттүк . Эжейлерге арнап слайд шоу уюштурулуп , концерттик программа менен коштолду. 10-класстын окуучулары менен "Адептүүлүкө тарбиялоо," - деген темада тарбиялык саатты жогорку деңгээлде өттүк. Математика кабинетин өзүм көзөмөлдөп, 10-класстын окуучулары менен кабинетти жашылдандырып , көрсөтмө куралдар менен толуктадык.

4. **Мектептеги климат жана ички эрежелер**

Мектептин педагогикалык, окуучулар, ата-энелер жааматты мектептин этикалык кодексин сакташат. Бири-бирин сыйлоо, көйгөйлөрдү конструктивдүү чечүү анын негизи. Конфликтүү учурлар биргиликтүү конфликтер боюнча комиссия менен чечилет.

Мектепте окуучулар менен иштөө иштерин соц.педагог жана уюштуруучу бирдикте иш алып барышат.

Бардык класстардын класс жетекчилери мектептин тарбиялык иштер боюнча уюштуруучусу менен бирдикте он багыт менен иш план түзүп жаан иш пландын негизинде класстык сааттарды , диспут, тегерек стол, ж.б. өтүшөт.

Мектепте ата-энелер менен иштөө жакшы жолго коюлган. Жыл сайын ата-энелердин сабакка катышуу декадасы өткөрүлүп турат.Ата-энелердин арыз, даттанууларын жазуу үчүн атайын журнал уюштурулган. Окуучулар үчүн ишеним кутучасы түзүлгөн.

Мектеп билим берүү мыйзамынын 6,7жаштан 17 жашка чейинки балдарды кабыл алат. Мектепке кабыл алууда окуучунун ата-энеси же алардын ордун алмаштыруучу адамдар тарабынан мектеп директоруна арыз жазылып алынат. Мектепке кабыл алууда окуучунун өздүк документтери толук болууга тийиш (туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү, ОМС, медсправка). 1-класска кабыл алуу үчүн мектеп директорунун буйругу менен медико-педагогикалык комиссиянын курамы бекитилет. Мектеп окуучуларынын формасы ата-энелердин чогулушунун 2017-жылдын 13-сентябрындагы №1 протоколу менен бирдиктүү форма кабыл алынган.

Июнь айында орто билими тууралуу күбөлүк, жетилүү аттестаты тапшырылат. Өз билимдерин көтөрүүсү боюнча мугалимдер 5 жылда бир гана жолу курстарга барууга мүмкүнчүлүк алат. Мектептеги мугалимдердин 13,7% же 4 мугалим, жаш мугалимдер болуп, алардын бай усулдук тажрыйбаларынын жетишсиздиги жалпы окуу билим сапатына өз таасирин тийгизүүдө. Жылына мугалимдерди педагогикалык-психологиялык денгээлдери боюнча өз билимин көтөрүү боюнча тесттер алынып турат. Жалпы педагогикалык жамааттын ар бир мугалимдеринин профессионалдык денгээлин көтөрүү, курстар, семинар, тренингдерди өткөрүп туруу мектеп администрациясы жана усулдук бирикмелердин негизги маселелери болуп кала бермекчи. Педагогикалык кенештерде директор алдындагы кенеште сапаттуу билим берүүгө багытталган маселелер коюлуп жыл ичинде пландын негизинде ачык сабактар, декадалар өткөрүлдү. Мындан сырткары класстан сырткаркы иштер, викториналар, КВН диспут, талкуу ж.б. бардыкпредметтер боюнча өткөрүлөт.

2022-2023-окуу жылынына карата өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоонун концепциясын иш жузунө ашыруунун негизинде тарбиялык жылдык иш планы тузулуп, мектеп директору тарабынан бекитилди. Мектепте 15 класс комплекти бар, класстарга класс жетекчилер,кабинеттер бекитилип берилди. Ар бир класс жетекчиге тарбиялык иш пландар тааныштырылып,тарбиялык журналга иш пландар толугу менен жазылып,журналдар толтурулду. Жылдык пландын негизинде айлык пландар тузулду. Жуманын биринчи куну окуучулардын жетишүү, катышуунун жыйынтыгы, мектептин ар кандай иш чараларынын жыйынтыктары чыгарылып, активдуу катышкан окуучулар белгиленип, кезметтеги класстар өз кезметин өткөрүп берет. Ар бир класс кабинеттерде класстык бурч, ден-соолук бурчу, коопсуздук эрежелер, окуучунун милдеттери илинип, жазылып иреттелди. Ата-энелердин жалпы мектеп боюнча 3 жолу чогулушу болуп өтүлдү. Ата-энелердин чогулушу башталганга чейинки убакта ата-эне жана окуучу менен биргеликте мугалимдердин жетекчилиги астында кызыктуу иш чаралар өтүлөт. Окуучулардын ата-энелер менен класс жетекчилер тыгыз байланышта иштешет. Ата-энелер учун «Ачык эшик күнү жумасына бир жолу болуп турат. Тарбиялык сааттарда ата-энелер келип катышып; биргеликте көйгөйлөрду чечишет. Тарбиялык иштердин негизги багыттары боюнча иш жургузулду. Планга коюлган ар кандай темадагы иш чаралар өз убагында өткөрүлүп турат. Дал ушундай патриот окуучуларды жаратып, калыптандырып, өстүрүп чыгаруу таалим тарбия берүүчү мугалимдердин башкы максат-мүдөөсү, милдети болуусу талапка ылайык.

Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин 2021-2022-окуу жылында бекитилген окуу планы боюнча берилген варианттардын ичинен мектепте окуу планы базистик вариант боюнча түзүлүп бекитилген.

Жалпы проблеманын үстүндө иштөөдө «Таланттуу балдардын жөндөмүн өнүктүрүүнүн үстүндө иштөө» үчүн мугалимдерге милдеттендирилген, ошондой эле жаны окуу жылынын башында ал проблемага жараша милдеттер төмөнкүдөй коюлду:

1.Чыгармачыл мугалимдердин таланттуу балдар менен иш жүргүзүүсүн күчөтүү.

2. 10 багыттагы боюнча иштөө.

3. Класс кабинеттердеги жабдуу, жашылдандыруу жана жасалгалоо.

4.Окуучулар менен эстетикалык ,спроттук жана экологиялык тарбия иштерин улантуу.

5.Кыргыз фольклордук чыгармалар аркылуу окуучуларга элдик педагогиканы таанытуу.
6.Окуучулардын интеллектуалдык денгээлин жогорулатуу.

Жыл башында окуучулардын жалпы санын ,класс комплектилерин тактоодо бардыгы 349 окуучу,анын ичинен кыз балдар 181. Жыл аягында 333/178 окуучу болду.

Класс комплект 18

1-смен 8:00-13:05.
2-смен 13:15-18:25.
1-сменде: 1,2 «а,б»,6 , 7 “а,б”, 8а,8б, 9а, 9б, 10, 11-класстары окушат.
2-сменде: 3а,б, 4 а,б, 5”а,б”- класстары окушат.